Бекитемин
Директор_________________
Исанова Ж.М
«30» 08 2018-ж

# *Окуучунун кодекси*

1. Окуучу өсүп келе жаткан жаш муундардын алдыңкы сабында турат. Ата Мекенин кичи Ата Журту болгон айылын чексиз сүйөт, өз элинин тагдыры жөнүндө терең ойлонот.
2. Окуучу мугалим эже агайына терең урмат сый көрсөтүү менен аларга кичи пейил мамиле жасайт. Мугалимдердин аброюна шек келтирүүчү сөздөрдү чогу окуган классташтарынын арасында айтуу наадандык экенин эсине тутат.
3. Окуучу менен мугалимдин ортосундагы мамиле устат менен шакирттин ортосундагы мамиледей эзелтеден келе жаткан адептүүлүктүн асыл үлгүлөрүнүн негизинде түзүлүшү керек. Ал мугалимди барктай билүүсү абзел.
4. Келечектин мыкты адамы окуучу калп айтпайт, ушак сүйлөбөйт жана бирөөнүн артынан сөз таратпайт, алдабайт, уурулук жана башка жаман адаттарга жол бербейт.Көчөдө топтошуп туруп алып ары-бери өткөндөргө жолтоолук кылбайт. Эң негизги кайрымдуу,мээримдүү, боорукер,чынчыл, адептүү, сабырдуу сапаттарды бек сактайт.
5. Мугалимдерге эч убакта тең ата мамиле жасабайт. Алардын айткандарын эки кылбай убагында жана так аткарат. Аларга карата дили ак жүрөгү таза болот.
6. Окуучулар өз ара бири бирин урматтоо менен аяр этият мамиле жасоого тийиш, «кыздын кырк чачы улуу»деген накыл сөздү дайыма эске тутушу керек.
7. Мектепте чөйрөнү, кийимин, денесин таза алып жүрүүгө, тамеки тартпоого, ичкилик ичпөөгө, какырып-түкүрбөөгө, калдыктарды таштабоого жана курбуларына үлгү көрсөтүп, илберинки тартиптүү болууга милдеттүү.
8. Окуучу дүйнө элдеринин алдыңкы каада салттарына, маданиятына да чоң ызат сый менен мамиле кылуусу жана алардын мыкты үлгүлөрүн өз турмушунда эреже катары алып жүрүүсү зарыл.
9. Курбуларынын арасында жалган сүйлөбөй, текеберленбей, ичи тардык көрө албастык, эки жүздүүлүк сыяктуу жаман сапаттардан алыс болушу керек.
10. Илим ийне менен кудук казганга барабар экендигин дайыма көңүлгө түйүп күн сайын сабактарга терең даярданып келүүсү керек.
11. Мектептин приоритетүү багыты экологияны жакшыртуу, табияттын жашыл ааламы- бак дарактарды, гүлдөрдү, айлана чөйрөнү сактоо үчүн ар бир окуучу кам көрөт. «Жакшыдан бак калат»- деген накыл сөз дайыма эсинде турат.

12 Ыйман-адеп адам баласынын эң бийик асыл сапаты катары баалоо жана анын жоболорун ыйык тутуу зарыл.

13 Окуучу өзүнүн ийгиликтүү окуусу, үлгүлүү жүрүш-турушу жана ыймандуулугу менен мектептин аброюн көтөрөт.

Сканировано с CamScanner